| ЧҮЙ ОБЛУСУНУН<br>ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН<br>ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА<br>ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА<br>ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ |
|---|---|

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезектеги XIII (он үчүнчү) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 10-декабрь №66/ XIII -29** **Алмалуу айылы**

**“Алмалуу айылындагы “Маданият үйүн” оңдоо жөнүндө” долбооруна макулдук берүү жана өздүк салымын кароо жөнүндө**

Ысык-Ата айылдык Кеңешинин депутаттары айыл тургундарынын маданий муктаждыктарын камсыз кылуу, коомдук иш-чараларды өткөрүүгө шарт түзүү жана маданий мекеменин абалын жакшыртуу максатында, “Алмалуу айылындагы “Маданият үйүн” оңдоо жөнүндө” долбооруна макулдук берүү жана өздүк салымын кароо жөнүндө” маселесин карап талкуулап чыгып, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Ысык-Ата айыл аймагына караштуу “Алмалуу айылындагы “Маданият үйүн” оңдоо жөнүндө” долбоорун тапшырууга макулдук берилсин.
2. Долбоорду ишке ашыруу үчүн Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 800000 (сегиз жүз миң) сом акча каражаты өздүк салымы катары каралсын.
3. “Алмалуу айылындагы “Маданият үйүн” оңдоо жөнүндө” долбоору Ысык-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна мөөнөтүнөн кечиктирилбестен тапшырылсын жана жоопкерчилик Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
4. Жогорудагынын негизинде Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасына өзгөртүү киргизилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айылдык Кеңешинин бюджет жана каржы маселеси боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

**Төрага** **Н.Ибраимов**